| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КЕҢ-АРАЛ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯРЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>КЕН-АРАЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ |
| --- | --- |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12.02.2024-жыл №14** **Кең-Арал айылы**

**Жер фондусун инвентаризациялоо материалдарын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2023-жылдын 20-апрель айында кабыл алынган №154-НИ «Кыргыз Республикасынын Жер фондусун инвентаризациялоо тартиби жөнүндөгү» буйругунун негизинде жана ушул Жобонун талаптарына ылайык "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институтунун Талас жерге жайгаштыруу экспедициясы тарабынан даярдалган Кең-Арал айыл аймагынын жер фондусунун инвентаризациялоо материалдарын карап чыгып, Кең-Арал айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VIII чакырылышынын кезексиз 2 сессиясы **токтом кылат:**

1. "Кыргызмамжердолбоор" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институтунун Талас жерге жайгаштыруу экспедициясы тарабынан даярдалган Кең-Арал айыл аймагынын жер фондусун инвентаризациялоо боюнча материалдарынын жыйынтыгына оңдоо-түздөө иштерине киргизилген өзгөртүүлөр материалдары бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Арал айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Токонов**